КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз IX сессиясы**

**Токтом №01-5/ 52**

Сүлүктү шаары 28.11. 2025ж.

**Сүлүктү шаарынын 2026-жылга карата түрткү берүүчү грантка сунушталуучу долбоорлордун өздүк салымын жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоо жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын 2026-жылга карата түрткү берүүчү грантка сунушталган долбоорлордун кошумча каржылоо салымын жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоо максатында Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жыл 1-мартындагы “Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө Жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу” №103 токтомуна ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын 2026-жылга карата түрткү берүүчү грантка сунушталган төмөнкү долбоорлордун жалпы өздүк салымы 13 470 133 сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоо үчүн 2026-жылдын бюджетине киргизилсин;

1. Сүлүктү шаарындагы Советская көчөлөрүнө асфальт төшөө долбоорунун өздүк салымы 2 000 194 сом;
2. Сүлүктү шаарындагы Д.Жороев көчөлөрүнө асфальт төшөө долбоорунун өздүк салымы 1 969 073 сом;
3. Сүлүктү шаарындагы Раззаков жана Кулматов көчөлөрүнүн боюндагы Отбасаров көчөлөрүнүн кесилишине чейинки лотокторду капиталдык ремонттон өткөрүү долбоорунун өздүк салымы 601 890 сом;
4. Сүлүктү шаарынын И.Раззаков атындагы №7 орто мектебинин чатырын капиталдык оондоодон өткөрүү долбоорунун өздүк салымы 1 116 547 миң сом;
5. Сүлүктү шаарынын М.Т.Ибрагимов атындагы №3 орто мектебинин терезелерин алмаштыруу жана мектеп алдына брусчатка төшөө долбоорунун өздүк салымы 2 549 171 сом;
6. Сүлүкутү шаарынын мэриясынын имаратынын фасадын, тирөөч дубаалдарын капиталдык оңдоо долборунун өздүк салымы 2 416 940 сом;
7. Сүлүктү шаарынын Р.Жолбаев атындагы №4 орто мектебинин терезелерин жана эшиктерин алмаштыруу долбоорунун өздүк салымы 2 816 319 миң сом;

1. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Б.А. Абдуназаров